КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ
ТОГУЗ-ТОРО РАЙОНУ

№8 МААТМУСА АБДЫЖАПАРОВ
АТЫНДАГЫ ЖАЛПЫ БИЛИМ
БЕРҮҮЧҮ ОРТО МЕКТЕБИ

721505, Кыргыз Республикасы,
Жалал-Абад обл., Тогуз-Торо р-ну,
Чет-Булак а., Ынтымак көч.13
e-mail:maatmusa.abdyjaparov@gmail.com

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ
ТОГУЗ-ТОРОУСКИЙ РАЙОН

ОБЩЕОБРАЗОВАТЕЛЬНАЯ
СРЕДНЯЯ ШКОЛА №8 ИМЕНИ
МААТМУСА АБДЫЖАПАРОВА

721505, Кыргызская Республика,
Жалал-Абадская обл., Тогуз-Тороуский р-н,
с. Чет-Булак , ул.Ынтымак 13
e-mail: maatmusa.abdyjaparov@gmail.com

« 22 » июнь 2022-жыл №131

Райондук билим берүү
Бөлүмүнө

Жалал-Абад областына караштуу Тогуз-Торо районунун №8 Маатмуса Абдыжапаров атындагы жалпы билим берүүчү орто мектебинин 2021-2022 окуу жылында жыл ичинде аткарылган окуу тарбия иштери боюнча

# маалымат

2021-2022 окуу жылыны жыл башында 241 окуучу 13 класс комплекти катталды.Педагогикалык кадрлар 22 алардын ичинен 1 худ.рук 1 китепканачы эмгектенишет.

Жалпы мектепте 319 саат, 20 мугалимге 17,18,16,14,8,10 сааттар менен бөлүндү,бөлүнгөн сааттарга ылайыкталып жүгүртмө такталып мугалимдердин бирден метод күндөрү такталды.

Биринчи кезметте 7 класс, экинчи кезметте 6 класс окуй тургандыгы белгиленди.Бирикме жетекчилери насаатчы жаш мугалимдерди тактап бекитип, 2021-2022-окуу жылынын биринчи жана экинчи жарым жылдыгындагы иш пландары түзүлүп бекитилди.

Планга ылайык математика,физика,информатика,химия,дене тарбия бирикмесин Султангазиева Тамара,тил бирикмесин Мамбеталиева Майрамбү,башталгыч класстар бирикмесин Төрөгелдиева Нуржан,география,биология,тарых,кол эмгек,сүрөт бирикмесин Асанова Айзада,класс жетекчилер бирикмесин Кайыпбекова Айнура жетектешип,иш пландарын тузүп бекитишип,ачык жана үлгүлүү сабактарды түзүлгөн графиктин негизинде жыл ичинде ай сайын өтүп турушту.Мектеп менен ата-эненин байланышын чындоо максатында ар бир бирикме жыл ичинде “Ачык эшиктер” күнүн ата-энелер үчүн өткөрүп турушту.Башталгыч класстар бирикмеси башталгыч классынын окуучуларынын билим сапатын көтөрүү максатында атайын иш чара түзүп, иш- чаранын негизинде жазуу иштерин,окуу нормативин текшерип,ай сайын мониторинг жүргузүп мугалимдерге методикалык жардамдар көрсөтүлдү.

Окуучулар сабактан сырткаркы бош убактыларын туура пайдалуу үчүн жана окууга болгон кызыгууларын ойготуу максатында 10 предметтик

кружоктордун иш пландары тузүлүп бекитилип,жыл ичинде ар кандай предметтик кызыктуу маалыматтар,кечелер менен иш алып барышты.

"Жаш мугалимдер мектеби" аталышында жаш мугалимдердин арасында конкурс уюштурулуп,ачык сабак,мастер класс өткөрүлдү.Жыйынтыгында алдынкы мугалимдер суурулуп чыгып,байгелүү орундарга жетишишти.

Жаш жана насаатчы мугалимдердин ортосунда "Устат – шакирт – улуу көчтүн улантуучулары" деген темада конкурс уюштурулуп жаш мугалимдер ачык сабак, насаатчы мугалимдер мастер класс өтүшүп, алдынкы мугалимдер "Мыкты устат","Мыкты шакирт" наамдарын алганга жетишишти.

Окуу жылынын башында райондук деңгээлде өткөрүлүүчү предметтер аралык олимпиадага кызуу даярдыктар башталып,иш план тузүлүп анын негизинде мектеп ичиндеги туру өткөрүлүп ,конкурстан женген окуучулар райондук денгээлде өткөрүлгөн предметтер аралык олимпиадага катышып,11-класстын окуучусу Акматбекова Камила география предметинен 3-орунду камсыздады.

Жыл ичинде мектеп окуучуларынын өз тилинен башка орус,чет тилдерин үйрөтүү жана кызыктыруу максатында англис тили жана орус тили,кыргыз тили жумалыктары өткөрүлүп жатты.

"Кан ачуу" жаратылышты коргоо мекемеси тарабынан уюштурулган жаратылышка аяр мамиле жасап жаныбарларды коргоо максатында мектептер арасында өткөрүлгөн "Ак илбирсти коргойлу " конкурсунда биздин мектептин окуучулары катышып,анын ичинен 5-класстын окуучусу Жумагулова Роза 13 мектептин ичинен 2-орунга ээ болуп планшет менен сыйланды.1-6-класстарынын окуучуларынын арасында өткөрүлгөн "Окуйбуз,жасайбыз,изилдейбиз" аттуу республикалык сынактын райондук баскычына 5-класстын окуучусу Жумагулова Роза барып катышып, долбоор жактап келди.1-июнь "Балдарды коргоо" күнүнө карата өткөрүлгөн иш чарага сүрөт тартуу боюнча активдуу катышып райондук билим берүү бөлүмүнун ыраазычылык катына ээ болду.

Райондук мектептер учун уюштурулган математика,кыргыз тил,англис тил предметтери боюнча Билимкана билим борбору уюштурган олимпиаданын райондук этабына 28 окуучу катышып, областка алдынкы балл топтогон 15 окуучу катышышты.Анын ичинен республикага кыргыз тили предмети боюнча 4 окуучубуз катышты сабак берген окуткан мугалими Мамбеталиева Майрамбу Жолболдуевна. Аталган олимпиадада Жумагулова Роза жогорку балл топтоп республика боюнча жүздөгөн окуучунун ичинен 4-орунга ээ болуп мактоо баракчасы жана кызыктыруучу сыйлыкка ээ болду. Арзыматова Сезимай,Мирбекова Нурзат,Миркамилова Алмабу активдуу катышып келишти.

Райондук денгээлде өткөрүлгөн "Манас таануу" интеллектуалдык таймашында биздин мектептен барган "Кырк чилтен" тобу катышты даярдап жетектеп алып барган мугалими Мамбеталиева Майрамбу,команданын курамында 9-класстын окуучусу топ башчысы Нуралы уулу Кубаныч, 8-класстын окуучулары Акматбекова Бурул, Манапбаева Айгерим барып катышышып 13 мектептен кыргыз класстардын ичинен 1-орунга ээ болушту. Борбор калаабыз Бишкектен келген белгилүү манасчы Нурбек Талантбеков баш

болгон манасчылардын чечими менен “Тогуз-Торо районунун  намысын курама команда коргойсунар”-деген жыйынтык чыгарылган,чыгарылган жыйынтыктын негизинде  орун алган командалардан “Кеменгер” курама тобу түзүлүп топ башчылык милдетин биздин  окуучубуз Нуралы уулу Кубаныч аткарды. Областтык турда биздин мектептин окуучусу Нуралы уулу Кубаныч топ башчылык милдетин мыкты денгээлде аткарып, Жалал-Абад областы боюнча жогорку упай топтоп Республикага жолдомо алышты.Жарым финалда 45 балл топтоп финалга чыгышкан,финалдык беттеште 37 балл топтоп 4-орунга чыгып кызыктыруучу сыйлыкка ээ болушту.

Райондук Тогуз-Торо  Жаштар биримдиги коомдук уюму тарабынан уюштурулган акын Акбар Кубанычбековдун катышуусунда өткөрүлгөн мектептер аралык “Эки дуйно” поэзиялык кечесинде биздин мектептин “Тирек” тобу  барып,13 мектептин ичинен  3-орунду камсыздап келишти.

Спорт боюнча жетишкендиктер Кыргыз Республикасынын Илим жана Билим беруу министрлигинин жарлыгынын негизинде мектептер аралык Кыргыз Республикасынын “Мектеп лигасы” долбооруна биздин мектептен волейбол боюнча “Ийгилик” курама командасы 13 мектептин ичинен райондук баскычта         1-орунга ээ болуп областка жолдомо алышты. Биздин балдар волейбол оюну боюнча көптөгөн тажрыйба топтоп келишти.”Ийгилик” курама командасын даярдап машыктырып жетектеп алып барган мектептин дене тарбия мугалими Жумакадыр уулу Жоомарт.

Балдарга билим берүүдө учурдагы замандын талабына ылайык Республикалык денгээлде уюштурулган онлайн конкурстарга катышууда биздин мектептин мугалимдери жакшы ийгиликтерди жарата алды. Атап айтсам булар төмөндөгүлөр:

Республикалык денгээлде өткөрүлгөн “ Аян” окуу борборунун “Чыгармачыл мугалим “ онлайн сынагында Темирбек уулу Кайрат миндей мугалимдин ичинен  5-орунга ээ болуп диплом менен сыйланган.

Кыргыз Республикасынын  “Эл мугалими” Бектур Исаковдун 80 жылдыгы , “Мугалим журналынын” 8 жылдыгына карата өткөрүлгөн Республикалык “Мыкты класс жетекчи 2022” онлайн кароо сынагына биздин мугалимдер Темирбек уулу Кайрат,Рахман кызы Жаркын,Исакова Азиза катышып,тесттик тапшырмалар,видеосабактарды даярдап,сабактын иштелмесин жүктөө менен жүздөй мугалимдин ичинен алдынкы орунга чыгып борбор калаабыз Бишкекке барып сыйлоо аземине катышып, ардак грамоталар,кызыктыруучу сыйлыктарга ээ болуп келишти.

Кыргыз Республикасынын  “Эл мугалими” Бектур Исаковдун 80 жылдыгы , “Мугалим журналынын” 8 жылдыгына карата откорулгон Республикалык “Мыкты класс жетекчи 2022” онлайн кароо сынагында 2-даражадагы диплом менен          2-орунду ээлегендиги учун Темирбек уулу Кайрат “Мыкты класс жетекчи 2022” наамы менен сыйланды.

Кыргыз Республикасынын "Эл мугалими" Бектур Исаковдун 80 жылдыгы, "Мугалим журналынын" 8 жылдыгына карата өткөрүлгөн Республикалык "Мыкты класс жетекчи 2022" онлайн кароо сынагында жигердуу катышкандыгы жана билим берүүдөгү кошкон зор салымы учун Рахман кызы Жаркынбу "Мыкты класс жетекчи 2022" наамы менен сыйланып келди.

Кыргыз Республикасынын "Эл мугалими" Бектур Исаковдун 80 жылдыгы , "Мугалим журналынын" 8 жылдыгына карата өткөрүлгөн Республикалык "Мыкты класс жетекчи 2022" онлайн кароо сынагында Исакова Азиза Сыргабековнанын даярдаган тарбиялык видео сабагы "Санарип сабак" наамы менен сыйланды. Уюштуруучулар тарабынан мектеп директоруна ыраазычылык кат тапшырылды.

Санарип академиясы тарабынан уюштурулган "Санарип мугалим 2" республикалык сынагына биздин мектептин мугалимдери Рахман кызы Жаркынбу, Темирбек уулу Кайрат, Жумабек кызы Айзат катышышып борбор калаабыз Бишкекке барышып сыйлоо аземине катышып төмөндөгүдөй грамоталар менен сыйланып келишти .

Билим берүү тармагында үзүрлүү эмгектенип жаш муунду окутуп тарбиялоодогу жетишкендиги жана заманбап билим беруу технологияларын жогорку денгээлде өздөштүрүп санариптик билим берүү чөйрөсүнө зор салым кошкондугу учун "Санарип мугалим 2" республикалык сынагынын катышуучусу Рахман кызы Жаркынбу,Темирбек уулу Кайрат,Жумабек кызы Айзат сертификаттар менен сыйланып,значоктору күбөлүктөрү менен кошо тапшырылды.

"Санарип мугалим Дубай 3" сынагына 8 мугалим: Жапаркулова Токтобу Асанбекова Гулзар Жунусова Марина Исакова Азиза Ниязова Ализа Рахман кызы Жаркынбу Асанова Айзада Бердалы кызы Акылкарачач катышты.Жыйынтыгы чыгарылып жеңүүчүлөрдү сыйлоо аземи Ош шаарында 7-июнда уюштурулуп өткөрүлдү шартка байланыштуу аталган мугалимдердин бардыгы толук бара алган жок.Жапаркулова Токтобу эже барып катышып келди.Аты аталган мугалимдер "Санарип мугалим" төш белгиси, күбөлүк сертификат менен сыйланышты.

Райондук деңгээлде уюштурулган "Жылдын мыкты мугалими 2022" кароо сынагында биздин мектептен башталгыч класстын мугалими Ниязова Ализа катышып, кыска убакыттын ичинде даярдык көрүү менен "Аракетчил мугалим" наамы менен сыйланып,мектептин намысын коргоп келди.

Жылдын жыйынтыгы менен биздин мектеп ичинде кыргыз тили жана адабияты мугалими Мамбеталиева Майрамбу Жолболдуевна "Жылдын мыкты мугалими", "Манас таануу" интеллектуалдык оюнунда Республикалык

деңгээлде 4-орунду камсыздаганы үчүн “Жылдын мыкты кружок жетекчиси”,Жапаркулова Токтобү “Жылдын мыкты географ мугалими”, Исакова Азиза “Жылдын мыкты класс жетекчиси” наамына ээ болушуп,мактоо баракчалары менен сыйланышты.

2021-2022-окуу жылына карата тарбиялык иштер боюнча жылдык иш план түзүлүп бекитилди. Иш пландын негизинде иш жүргүзүлдү. Жыл башында 13 класс жетекчинин тарбиялык пландары түзүлүп бекитилип, класс жетекчилеринин планына ылайык класс жетекчилердин милдеттерин бөлүштүрүү жана уюштуруу максатында чогулуш өткөрүлүп, концепциянын 7 багыты боюнча тарбиялык сабактардын планы түзүлдү. Ар бир класс жетекчи ата-энелери менен байланыш дептерлерин түзүшүп, үч тараптуу келишимдерди түзүштү.Ай сайын класстык жана ата-энелер чогулушу өтүлүп, жалпы ата-энелер комитетинин төрайымдыгына Кашаулиева Гульнур шайланды.

Мектептеги балдар жана өспүрүмдөр уюму тарабынан мектеп парламентинин структуралары жылга бекитилген пландын негизинде иш алып барышты. Окуучулар арасында кылмыштуулукту болтурбоо жана анын алдын алуу боюнча мектепте “Алдын алуу” кеңеши түзүлүп, иш план иштелип чыкты. Иш пландын негизинде уюштуруучу, соц.педагог,ата-энелер комитети, айыл ичинен ак сакалдар өкүлүнөн,ИДН,айыл башчы, класс жетекчилер жана окуучулар менен бирдикте тегерек стол,ачык тарбиялык сабактар өткөрүлдү.

Жыл башында жаңы окуу жылына карата 15-сентябрь “Билим күнүнө” жана “Эгемендүүлүктүн 30 жылдыгына » карата 1-11-класстар үчүн “Ата-Журтум асыл Мекеним!”, “Түбөлүккө желбирей бер, Эгемендин желеги!”, “Мекеним Кыргызстан Эгемендүүлүк жолунда!” темасында ачык тарбиялык сабактарды класс жетекчилер өтүп беришти. Соц.педагог тарабынан окуучулардын социалдык паспорту түзүлдү. Балдарга карата ырайымсыз мамилени, үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алууда мектептин соц.педагогу ата-энелер менен тыгыз байланышта иш алып барып пикирлешип турат. “Жеткинчек” программасынын негизинде иш алып барылды, жарым жетим, майып, жардамга муктаж окуучулардын тизмеси аныкталды.

“Коопсуздук эрежесин сактайлы” темасында класстык сааттар өткөрүлдү. Коопсуздук эрежелери боюнча окуучуларга маалыматтар берилип, тааныштырылды.

23-сентябрь Мамлекеттик тил күнүнүн 32 жылдыгына карата 1 жылдык иш план түзүлүп бекитилди. Жылдык планда көрсөтүлгөндөй класс жетекчилер “Эне тили болбосо, аты аталбайт улуттун”, “Элди эл кылып турган анын эне тили”, “Эне тилим-эне сүтүм” темасында ачык-тарбиялык сабактар, кыргыз тили мугалими тарабынан “Өнөр алды-кызыл тил” темасында тил

жумалыгында окуучулар чыгармачылык менен даярданышып,оозеки адабиятын колдонуп,

"Манас эпосунан үзүндүлөрдү, акындардын ыр саптарынан жатка көркөм айттырышып, адабий музыкалык кечелер, дубал-газеталардын көргөзмөсү уюштурулуп бир айлык жүрүш өткөрүлдү.

1-октябрда "Карылар күнү" белгиленди. Улгайган адамдарга көңүл буруу жана камкордук көрсөтүү максатында "Карысы бардын ырысы бар" темасында 1 айлык акция уюштурулду. Карылар күнүнө карата айылдын улгайган адамдарына уюмдар тарабынан жардам көрсөтүлүп, ачык тарбиялык сааттар жана жолугушуулар өткөрүлдү.

"Мугалим –мөмөлүү дарак" темасында ачык тарбиялык сабактар өткөрүлдү. Ачык сабактардын максаты балдарды мугалимди сыйлоого, кайрымдуу болууга үндөө менен бирге адамдык асыл сапаттарды калыптандырууда улууларды сыйлоонун, урматтоонун ролу,бала үчүн мугалимдин таасири эң жогору турааары белгиленди.

Окуучулардын чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн,фантазиясын өстүрүү менен бирге жаратылышты сүйүүгө,эмгекти баалоого тарбиялоо максатында "Алтын күз" майрамына карата мектептин көркөм жетекчиси Нуралиева Анара 1-11-класстардын окуучуларынын катышуусу менен жашылча-жемиштерден жасалган композициялардын көргөзмөлөрү, кыздар уюму тарабынан 9-11-класстын окуучулары менен бирдикте "Күз периси" аттуу конкурсу уюштурулду.

Ноябрь айында "Мектеп, ата-эне жана окуучу" темасында жалпы ата-энелер чогулушу өткөрүлүп, үч тараптуу келишимдер түзүлдү. Ноябрь айында "Балдардын укуктары жана милдеттери" боюнча окуучуларга аңгемелешүү өткөрүлдү.

Мектепте ноябрь айында "Тарых жана ата-бабаларды эскерүү күнүнө" карата "Тарых сабактары", "Тарыхый инсандарды чагылдыруу", ж.б. темаларында ачык тарбиялык сааттар өткөрүлдү. Китепканачы тарабынан тарыхый инсандар боюнча сүрөт көргөзмөлөрүн, бурчтарды уюштурду.

Ачык үлгүлүү тарбиялык сааттар боюнча 11-класстын класс жетекчиси Асанова Айзада "Саламдашуу адеби", 7-класстын класс жетекчиси Исакова Азиза "Адамзаттын көркү да, баасы да салам айтууда" , 6-класстын класс жетекчиси Рахман кызы Жаркын "Адепсиздиктин арты кылмыш, кылмыш арты өкүнүч" темасында, 5-класстын класс жетекчиси "Жакшы окуп жакшы жүрүшүм-элиме кошкон үлүшүм", "Адам көркү адептүүлүктө" темасында 8-

класстын класс жетекчиси Темирбек уулу Кайрат интерактивдүү ыкмаларды колдонушуп , тарбиялык сабактарды өтүп беришти.

1-декабрь Бүткүл дүйнөлүк СПИД күнүнө карата мектепте бир айлык акция өткөрүлүп, ачык тарбиялык сааттар, тегерек столдор, спорттук мелдештер, дубал гезиттер сынагы өткөрүлдү.

“Биз терроризмге жана диний экстремизмге каршыбыз” темасында ар бир класста тарбиялык сааттар жана 8-11-класстарга тегерек стол өткөрүлдү.Тегерек столго айылдын имамы катышып окуучуларга туура жолдо жүрүүгө, азгырыктан сактануу жолдорун айтышты. Окуучулар арасында кылмыштуулукту, зордук-зомбулукту алдын алуу жана окуучулар арасында терроризм тууралуу түшүндүрүү иштерин жүргүзүү максатында айылдын аймактык тескөөчүсү Ботоканов Жолдубай жана айыл аксакалдары, айылдын имамы, мугалимдер,айыл башчы катышып кеңири талкуу жүргүзүлдү.

Аялдарга карата зордук-зомбулуктун алдын алуу боюнча “Зомбулуксуз 16 күн” өнөктүгүнө карата ачык тарбиялык сааттар, “Кыз ала качуу салтпы же кылмышпы?” темасында кыздар уюму тарабынан ток-шоу өткөрүлдү.

Жаңы жылдык “Жаңы жылдык жаш балаты” аттуу конкурстар жана концерттик программалар өткөрүлдү. Кышкы каникул учурунда өтүлүүчү иш чаралардын пландары түзүлүп, рейддин графиги түзүлүп бекитилди.

Январь айында экинчи жарым жылдыкка карата тарбиялык иш чаралар түзүлүп, класс жетекчилер, уюмдар менен бирдикте чогулуш өткөрүп, иш чаранын негизинде тарбиялык сааттардын темаларын түзүп, иш пландарын бекиттиришти. Мектепте жалпы окуучулардын катышы,тартип-тазалыктары, күндөлүктөрүнүн, окуу китептеринин абалы боюнча текшерилип жыйынтык чыгарылды.

15-февраль “Советтик Армиянын Ооган жергесинен чыгарылышынын 33 жылдыгына” карата иш чара түзүлүп бекитилди. “Ооган согушуна 33 жыл” темасында бурч, сүрөт көргөзмөсү китепканачы тарабынан чыгарылды. “Ооган согушу- айыкпас жара”, “Ооганчыларга таазим”, “Ооган согушу-кайгылуу тагдырлар” темасында ачык тарбиялык сааттар өтүлүп, жалпы окуучуларга Тогуз- Торо районунан катышкан ооганчылар менен жолугушуу өткөрүлдү.

21-февраль “Эл аралык эне тил күнүнө” карата иш чара түзүлүп бекитилип, иш чаранын негизинде иш жүргүзүлдү. Класс жетекчилер Эл аралык эне тил күнүнө карата “Тил тагдыры эл тагдыры”, “Өнөр алды кызыл тил”, “Эне тилим –эне сүтүм” темаларында ачык тарбиялык сааттарды өтүштү. “Эне тили-ар улуттун тагдыры” аттуу темасында кыргыз тили мугалими Мамбеталиева Майрамбү адабий музыкалык кече 5-8-класстар арасында

өтүп, уюштуруучу Кайыпбекова Айнура дүйнөлүк тилди даңазалоо боюнча "Тил жоголсо-эл жоголот" темасында доклад окуп, китепканачы тарабынан дубал гезиттер илинип, бурч уюштурулду.

23-февраль –Ата Мекенди коргоо күнүнө карата "Мекенди коргоо-ыйык милдет" темасында дубал гезиттер чыгарылып илинди. "Бар бол, Жоокер!" аттуу КВН, ачык тарбиялык сааттар, "Мекенимди карегимдей сактаймын" темасында дилбаян жаздырып алынды, көркөм окуу конкурстары уюштурулуп өткөрүлдү.

"Социалдык адилеттүүлүктүн бүткүл дүйнөлүк күнүнүн" бир айлык акциясына карата иш чара түзүлүп бекитилип, иш чаранын негизинде иш жүргүзүлдү.

3-март "Туу күнүнө", 5-март "Ак калпак" күнүнө, 8-март апалардын майрамына арналган ачык тарбиялык сааттар, КВН, кечелер өткөрүлдү.

17-март " Аксы окуясына", 7-апрель элдик революциясына карата Аксы окуясында жана Апрель революциясында каза болгондорду эскерип мектепте "Аза күтүү күнү" белгиленип, Аксы окуясындагы жана апрель революциясындагы элдик баатырлар боюнча доклад окулуп, видео слайддар көрсөтүлүп,тарбиялык сааттар өтүлдү.

23-апрель Бүткүл дүйнөлүк китеп күнүнө карата китепканачы тарабынан "Китеп-жан дүйнөнүн азыгы" темасында 1-4-класстардын окуучулары менен бирдикте утренник уюштурулуп, "Китеп-менин жан дүйнөм", "Адамзаттын азыгы-китеп", "Китеп –билим булагы" темаларында ачык тарбиялык сааттар жана "Мыкты окурман" конкурсу уюштурулду.

"Жашыл мектеп" темасында айлананы жашылдандыруу жана көрктөндүрүү боюнча үч айлык жарыяланып, мектеп айланасында ар ишемби сайын ишембиликтер өткөрүлүп, мектеп айланасына көчөттөр, гүлдөр отургузулду. "Ар бир окуучудан бир көчөт" аттуу акция уюштурулуп, айылдын сыртындагы "Алтын Дөбө" жер тилкесине 1000 түп кара жыгач, 350 түп алманын көчөтү отургузулуп, ар ишемби сайын сугарып турушту.

9-май Улуу Жеңиштин 77 жылдыгына карата "Улуу Жеңишке 77 жыл", "Эч качан согуш болбосун!", "Жоокерлердин эрдиги", "9-май-Жеңиш күнү", "Жеңиштин 76-жазы" темасында класс жетекчилер ачык тарбиялык сабактарды өтүштү. "Эч ким эч качан унутулбайт" темасында согуш жылдарын чагылдырган сүрөттөр окуучулар тарабынан тартылып илинди. "Улуу Жеңишке 77 жыл" темасында 1-11-класстын окуучулары менен бирдикте көркөм окуу, обондуу патриоттук ырлар, монологдор, бийлердин коштоосу менен концерттик программа уюштурулуп өткөрүлдү.

Энелер күнүнө карата ачык тарбиялык сааттар, "Эне-ыйык баарынан" темасында дубал гезиттер сынагы кече уюштурулуп өткөрүлдү.

2021-2022-окуу жылына карата жаш өспүрүмдөр арасында кылмыштуулуктун жана зордук-зомбулуктун алдын алуу максатында иш чара түзүлүп бекитилип, иш чаранын негизинде иш жүргүзүлөт. Жыл башында жаш өспүрүмдөр арасында кылмыштуулуктун , зордук-зомбулуктун алдын алуу боюнча класс жетекчилер ата-энелер менен ар дайым түшүндүрүү иштерин жүргүзүштү. Класс жетекчилер класстык сааттарды өз убагында өтүп жатышты. Кылмыштуулуктун алдын алуу максатында «Кылмыш арты-өкүнүч!», « Оң колундун ачуусун,сол колуң менен бас!», «Өзүн-өзү өлтүрүүнүн алдын алуу!», "Рэкетчиликке жол жок!", "Кылмыш деген эмне?" темаларында ай сайын класстык сабактар өтүлүп турат

Жаш өспүрүмдөр арасындагы кылмыштуулуктун алдын алуу боюнча мектепте "Алдын алуу" кеңешинин курамы түзүлүп, "Алдын алуу" кенешинин иш планы түзүлүп, иш пландын негизинде иш жүргүзүлүп турат.

Ноябрь айында "Канткенде кылмыштуулукка барбайбыз?" темасында 5-6-7-класстар арасында жат жазуу жаздырып алынды. "Канткенде мектепте рэкетчилик болбойт?" темасында 8-9-10-11-класстардан дилбаян жаздырып алынды. Парламент окуучулары "Адепсиздиктин арты –кылмыш" темасында дубал газета чыгарылып илинди. Уюштуруучу, кыздар уюму тарабынан "Адептүүлүк- адамдагы жакшы сапат", "Кыз адеби кымбат" темасында кыздар арасында тегерек стол өткөрүлдү. Даталуу күндөрү мугалимдер,ата-энелер, "Алдын алуу" кеңеши менен бирдикте түнкү рейд уюштурулуп, графиктин негизинде рейдге чыгышат. Түнкү рейддерге көбүнчө тентек, ар кандай адепсиз ишке жөндөмдүү, сабакты көп калтырган окуучулардын үйлөрүнө баруу жагы каралган. Мектепте кылмыштуулуктун, рэкетчиликтин, зордук-зомбулуктун алдын алуу боюнча атайын "Балдардын ишеним телефону-111", "Балдардын ишеним кутучасы" илинген. " Кылмыштуулукка жол бербейбиз!" темасында жаш өспүрүм балдар жана кыздардын арасында кылмыштуулуктун алдын алуу боюнча аңгемелешүү, ачык тарбиялык сааттар, тегерек столдор, дубал гезит сынактары, жолугушуулар өткөрүлдү.

Биздин мектепте "Балдардын коопсуздугун камсыздоо жана зордук-зомбулуктун алдын алуу" боюнча иш чара түзүлүп бекитилди. Иш чаранын негизинде иш жүргүзүлөт. Жыл башында ата-энеси жумуш издеп сыртка чыгып кеткен окуучулардын тизмеси такталган. Жалпы ата-энелер чогулушу өткөрүлдү.

Мектеп соц педагогу ай сайын ата-энеси мигрант окуучуларды камкорчулукка алган үй-бүлөлөргө барып турат, камкорчуларга зордук –

зомбулукту болтурбоо үчүн түшүндүрүү иштерин жүргүзүп турат. “Зомбулуксуз мектеп!” деген темада 5-11-класстардан дил баян жаздырып алынды. Өспүрүмдөргө зордук-зомбулуктун алдын алуу максатында ай сайын дубал газеталар чыгарылып турат. Аялдарга карата зомбулуктун бардык түрлөрүн алдын алуу боюнча “Зомбулуксуз 16 күн” өнөктүгүн өткөрүү боюнча иш чара түзүлүп бекитилди. Иш чаранын негизинде иш жүргүзүлөт. “Үй-бүлөлүк зомбулук”, “Эрте никеге туруу”, “ Кыз ала качуу”, мамлекеттик каттоосуз нике ырым жырымын өткөрүү боюнча айылдын имамы менен кыздар уюму жогорку класстын кыздары менен бирдикте түшүндүрүү иштерин жүргүзүштү. Аялдарга карата зомбулукка каршы күрөшүү максатында кыз ала качуу, эрте никенин кесепеттерин чагылдырган дубал гезиттер чыгарылып илинди. Гендердик теңдештикке жетишүү темасында “Кыз ала качуу салтпы же кылмышпы?” темасында кыздар менен бирдикте кыздар уюму тегерек стол уюштуруп өттү. “Эрте никенин терс сапаттары”, “Кыз ала качуу” темаларында тарбиялык сааттар өткөрүлдү. 7-11-класстардын окуучу кыздарына “Эрте никенин терс сапаттары” тууралуу түшүндүрүү иштери жүргүзүлүп турат. Соц.педагог, кыздар уюму кыздар кеңеши менен бирдикте ай сайын чогулуштарды өтүп, кыздардын жүрүм турумуна көзөмөл жасап турушат. “Эрте никеге туруу шартпы? темасында лекция окулуп, кыздар менен бирге талкуу жүргүзүлдү. Зордук-зомбулуктун алдын алуу боюнча мугалимдер жана ата-энелер комитеттери менен бирдикте түнкү рейдге чыгуу графиги түзүлүп,графиктин негизинде рейдге чыгышты.

“Ден соолук” программасы боюнча 2021-2022-окуу жылына карата иш план түзүлүп бекитилди. Иш пландын негизинде иш жүргүзүлдү. Жыл башында “Коронавирус оорусунун алдын алуу боюнча” ата-энелер менен бирдикте алгоритм менен тааныштырылып, түшүндүрүү иштери жүргүзүлүп, ар бир ата-эне алгоритм менен тааныштым деп кол коюп беришти. Ата –энелерге балдарды мектепке ар дайым экиден маска, антисептик, нымдуу жана кургак майлыктар менен камсыз болуусу жөнүндө айтылды.

Пандемияга байланыштуу мектепте санитардык-гигиеналык талаптар күчөтүлүп, класстык бөлмөлөр хлор эритмеси кошулган суулар менен жуулуп, эшиктин туткаларына хлор эритмесине чыланган марлилер менен оролуп, мектеп ичинде антисептик менен бүт класстар камсыз болду.

Класс жетекчилер ар бир класска каттоо журналын уюштуруп, дежур мугалимдери тарабынан окуучулардын температурасы өлчөнүп, маска,антисептик, майлыктарын алып келүүсү боюнча көзөмөл кылынды. Дежур мугалимдер мугалимдердин жана тех персоналдардын температурасын өлчөп турушту.

Класс жетекчилер окуучуларга “Коронавирустун катаал сабактары”, “Таза колдор”, “Өздүк гигиенаны сактоо”, “Суу чечек оорусунан кантип сактануу керек?”, “Кызамык”, “Тепме оорусу”, “Тазалык –ден соолуктун булагы”, “Жугуштуу оорулардан сак бол”, “СПИД-эң коркунучтуу дарт”, “Алкоголдун зыяндуулугу”, “Тамеки өмүргө зыян”, “Сасык тумоо оорусунан сак бол” темаларында класстык сааттарды өтүштү. Бул сабактар атайын көрсөтмө куралдар менен жабдылып,аңгемелешүү, диспут,мээге чабуул, дилбаян, эссе ж.б. түрдүү методикалар менен өтүлөт. Кээ бир сабактар видеофильмдерди көрсөтүү менен жыйынтыкталат. Окуучулар сергек жашоонун маанисинин тереңдигин, турмушка өтө зарылдыгын, келечек үчүн максат кылууну алдыларына коюшат. Чындыгында эле эгерде бала спорт менен машыгып турса, анын дени дагы сак, эч жери оорубаса,көңүлү дагы ачык болуп,жашоого койгон максаты да ойдогудай болот, келечекке койгон тилеги дагы орундалат.

Мектеп директору: Орозова Ж.Т.